| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧҮЙ ОБЛАСТЫ<br>СОКУЛУК РАЙОНУ<br>З.КАЙНАЗАРОВА АТЫНДАГЫ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛЬНОГО<br>АЙМАКА ИМЕНИ З.КАЙНАЗАРОВОЙ |
|---|---|---|

XXIX- чакырылыштын 1- (кезектүү) сессиясы

**ТОКТОМ № 1/1**
**ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

28-январь 2026-ж Чат-Кель айылы

**«Жергиликтүү бюджеттин аткарылышы боюнча отчетун бекитүү жөнүндө»**

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» мыйзамынын 34-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин негизинде жана З.Кайназарова атындагы айыл өкмөтүнүн башчысы А.К. Жумашалиевдин жергиликтүү бюджеттин 2025-жылдын 12 айынын кирешелеринин жана чыгашаларынын аткарылышы боюнча жыйынтык отчетун, угуп жана талкуулап чыгып, айылдык кеңештин XXIX чакырылышы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. З.Кайназарова атындагы айыл өкмөтүнүн башчысы А.К. Жумашалиевдин отчету төмөнкү көрсөткүчтөр боюнча бекитилсин:

- 2025-жылдын 12 айына карата бюджеттик эсеп боюнча бюджеттин киреше бөлүгү такталган план менен 41931,5 миң сом түздү, башкача айтканда:
- 2025-жылдын жыйынтыгында бардык кирешелер жана чыгашалар атайын каражаттарды, тендөөчү гранттарды, максаттуу гранттарды эсепке алуу менен бектилген план боюнча 41931,5 миң сом, атайын каражаттарды эсепке албаганда 35857,5 миң сом
- 2026-жылдын 1-январына карата бюджет боюнча эркин калдык (свободный остаток) 4024,7 миң сом.

2. 2025-жылдын жыйынтыгы менен З.Кайназарова атындагы айыл өкмөтүнүн киреше бөлүгү, атайын каражаттарды, тендөөчү гранттарды, максаттуу гранттарды эсепке албаганда план боюнча 19597,0 миң сом болсо, аткарылышы 22171,4 миң сом болуп, 113,1% ашыкча аткарылды.

3. 2025-жылдын жыйынтыгы менен бюджеттин чыгаша бөлүгү такталган план боюнча аткарылышы 45269,6 миң сомду түздү. Анын ичинен:

Мам.кызматткарга – 10546,7 миң сом;
Башка айыл чарба кызматтарга – 200,0 миң сом;
ТЖКЧ бөлүмүнө – 13488,9 миң сом;

Саламаттыкты сактоого – 183,5 миң сом;
Эс алуу, маданият, дин – 6152,5 миң сом;
Социалдык камсыздоо – 1241,1 миң сом;

4. 2026-жылдын 1-январына карата эркин калдык:

- бюджеттик эсеп боюнча-4024,7 мин сом,
- атайын эсеп боюнча – 170,4 мин сом түздү.

5. Такталган план менен баардык салыктын түрлөрү, 2026-жылдын 1-январына карата баардык кирешелерди жана эркин калдыкты (свободный остаток) эске алуу менен, мындан тышкары бюджеттин чыгаша бөлүгүн бөлүмдөрү менен отчетко тиркелген түшүндүрмө катка ылайык бюджеттин аткарылышы бектилсин.
6. Баардык отчеттор жана тиркемелери менен Кыргыз Республикасынын Финасы министрлигин Сокулук районундагы финансы башкармалыгына берилсин.
7. Ушул токтомдун аткарылышы З.Кайназарова атындагы айыл өкмөтүнүн Социалдык-экономикалык өнүктүрүү бөлүм башчысы А.Б. Мамырбаевага жүктөлсүн.
8. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө туруктуу бюджеттик депутаттык комиссиянын төрайымы Абдиева Чинара Толоновнага жүктөлсүн.

Төрага Э.Б.Ибраимов